**III-Эл аралык «Руханий Жибек жолу. Улуу гуманисттик салттар жана азыркы учурдун чакырыктары» илимий-диний конференциясынын**

# РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

*/Бишкек, 13-14 сентябрь 2018-ж./*

2018-жылы 13-14-сентябрда Кыргызстандын борбору Бишкек ш. Кыргызстан Мусулмандарынын Дин Башкармасынын, Россия Муфтийлер Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик дин иштери боюнча комиссиясынын демилгеси менен уюштурулган III-Эл аралык «Руханий Жибек жолу. Улуу гуманисттик салттар жана азыркы учурдун чакырыктары» аттуу диний-илимий конференциясы болуп өттү.

Конференцияга 160тан ашык Кыргызстан, Казакстан, Кытай, Литва, Россия, Тажикстан, Өзбекстан жана Эстония диний башкармалыктарынын, профилдик мамлекеттик ведомстволорунун, диний жана светтик окуу жайларынын, расмий мамлекеттик курамдарынын өкүлдөрү катышты. Конференция буга чейин “Руханий жибек жолу” аттуу олуттуу мазмуундун алдында 2016-жылдын 20-21-августтунда Кытай Эл Республикасынын (КЭР) Үрүмчү шаарында жалпы мазмун боюнча эл аралык жолугушуулардын циклин баштаган “Ислам ортолуктун дини” аталышында өтсө, 2017-жылы II-Эл аралык “Руханий жибек жолу. Жаратуу. Интеграция” аттуу конференция Казань шаарында өткөрүлүп, конференциянын негиздүү уландысы болуп калды.

“Улуу гуманисттик салттар жана азыркы учурдан чакырыктары” аттуу темада өткөрүлгөн конференция диний башкармалыктардын жана катышкан мамлекеттердин диний башкармалыктары жана мамлекеттик ведомстволорунун өкүлдөрү төмөндөгү маселелер боюнча жалпы жөнгө салынган мамилелеринин мындан аркы өз ара биргелешип иштөөлөрүн чыңдоо жолун ар тараптуу талкуулап чыкты:

- XXI-кылымдын өзгөчө ар түрдүүлүккө, комплекстүүлүккө жана көп трансформациялуу процесстердин көп векторлугуна байланышкан маселелер;

-Терроризмге жана экстремизмге каршы туруу жаатында мусулман чөйрөсүндө аларга каршы турууну активдештирүү, ошондой эле ушул кесепеттердин практикалык ыкмаларынын профилактикасын жакшыртуу жаатында чыныгы исламдын толлеранттуулук жана ынтымактуу кошуналык сыяктуу салтуу баалуулуктарына таянуу менен жана кылымдар бою Евразия аймагындагы элдердин Алла Тааланын буйругу менен тыгыз карым-катышта жашоосун, өз ара кызматташуусун камсыздаган токтоолук жана бөлөк элдерге болгон ачыктык сыяктуу чыныгы исламдын баалуулуктарына таянуу менен мусулман чөйрөсүндө терроризм, экстремизмге каршы турууну активдештирүү маселелери;

Конференциянын катышуучулары Алла Тааланын: “”**Биз силерди эркек жана аялдан жараттык жана силерди бири бириңерди таанып жүрүүңөр үчүн улут жана уруу кылдык”** деген улуу-улуу чакырыгына таянуу менен ар тараптуу гуманитардык кызматташууну, улуттар, конфессиялар аралык диалогду, ар түрдүү элдердин жана диний конфессиялардын ортосунда ынтымактуу өз ара мамилени; маданияттардын өз ара сиңишүүсүн, ошондой эле өз ара баюсун жарыялайт.

Мына ушул жалпы адамзаттык максаттарга магистралдуу жол менен жетүүнүн ыкмасы болуп азыркы учурда элдердин максималдуу мүмкүнчүлүктө руханий

маданий агартылуусу. Мына ушул ыкма гана аларды акыйкатта ксенофобиядан, радикализмден жана экстремизмден коргойт .

Агартуу маселелери Конференциянын катышуучулары үчүн борбордук маселелердин бири болуп калгандыгынын себеби, жаштар экстремизмин профилактикалоо көйгөйүн чечүү, билим берүүнүн ролуна жана билим берүү компоненттеринин орунуна жеткиликтүү көңүл бурулмайынча мүмкүн эмес. Бүткүл мусулман үммөтүнүн алдында эң бир актуалдуу болуп ушул маселени чечүүдө жаштар чөйрөсүндө талкалоочу, бөлүүчү жана экстремисттик субмаданиятты жаратуучу бөлүп-жаруучу күчтөрдүн карама-каршысында диний жана күндөлүк практикалык ишенимдүү жоопторду иштеп чыгуу. Ушул жогоруда аталган максаттарга жетүү бир эле мезгилде ксенофобия, радикализм жана терроризмге каршы күрөшүүнүн аёсуз ийкемдүү жана натыйжалуу формаларын жана ыкмаларын иштеп чыгууда биргелешкен аракеттердин активдешүүсүнө жана жакшыруусуна жакшы кызмат кылып бере алат. Мына ушуга байланыштуу конференциянын катышуучулары жаштардын өздөрүнүн керексиздигин, талап кылынбагандыктарын сезүүлөрү көпчүлүк учурда аларды мусулмандык адеп-ахлактан оолак турган активдешүүнүн ар кандай түрлөрүн издөөгө түрткү берээрине көңүл бурат. Бул көйгөйдү чечүүгө Евразия аймагы али алыс экендигин өкүнүч менен моюнга алууга туура келет. Бардык коомдук, мамлекеттик күчтөргө жана курамдарга бул көйгөйлөрдү чечүүдө өздөрүнүн аракеттерин активдештирүүлөрү керек. Мына ушинтип гана бузуп-жаруучу күчтөрдүн жаштарга таасир берүүсүнө бөгөт коюну күчөтүүгө жана аларды өздөрүнүн таасиринин орбитасына тартуу мүмкүн. Ошол эле учурда Конференциянын катышуучулары диний адабияттарды жарыялоодо жана таркатууда бирдиктүү принциптерди, ыкмаларды иштеп чыгууга өзгөчө көңүл буруу менен мусулман адабияттарынын фундаменталдуу эмгектерине административдик тыюларды салуунун өтө зыяндуулугун жана буга жол берүүгө таптакыр болбостугуна көңүл буруу менен токтом кылды:

-Мамлекеттик бийлик органдарынын мусулмандардын диний башкармалыктарынын руханий потенциалын, диний адабияттарга экспертиза жүргүзүүдө жана мамлекеттик-конфессионалдык саясатты тургузууда диний экспертизаны жетишээрлик пайдаланбагандыгын белгилөө;

-Ыйык китептердин тексттерин соттоого болбостугу жөнүндө мамлекеттик деңгээлде нормативдик-укуктук актылардын кабыл алынуусун куттуктоо, бирок эгерде аны өзгөртүү ыктымалы болсо, анда ыйык адабияттын эксперттери тарабынан талдоого жол берилүүгө жана куугунтукталууга тийиш;

-Профилдик министирликтерге, ведомстволорго диний уюмдардын ишмердик маселелери боюнча иштеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди даярдоо, кайра даярдоо жана адистигин жогорулатуу боюнча көмөктөшүүлөрүн сунуш кылуу;

-Мамлекеттик-конфессионалдык маселелер боюнча бейпил коомдуу түзүүгө багытталган мамлекеттик органдардын, мусулмандардын диний уюмдарынын, коомдук уюмдардын, жарандык коомдун башка институттарынын, эксперттик коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн аракеттерин бириктирүүнү сунуш кылуу;

-Милдетине диний адабияттарды экспертизалоо, катышуучу-мамлекеттердин территориясында диний адабияттардын айлануусунун мониторинги кирген мамлекеттик бийлик органдарынын, мусулмандардын диний башкармалыктарынын,

коомдук уюмдардын жана эксперттик коомдоштуктардын өкүлдөрүнөн турган координациялык топторду түзүү демилгесин көтөрүү;

Ушул келтирилген көйгөйлөрдү чечпей туруп бүгүнкү күндө, көбүнчө гуманитардык жаатында жана анын руханий-маданий жана социалдык сегменттеринде жаткан чакырыктарга жана тобокелдиктерге каршы турууга мүмкүн эмес. Конференциянын катышуучулары, социалдык кызмат исламдын фундаменталдык принциптеринен экендигине өзгөчө көңүл буруу менен ал мусулмандардын диний уюмдарынын ишмердигинин приоритеттүү багыттарынан болуш керектигин бекемдешти. Конференциянын катышуучулары азыркы учурдун социалдык чакырыктарын чечүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу жана жакырлык, илимсиздик жана башка коомдук ооруларга каршы күрөшүүдө күчтү бириктирүү керек деп эсептешет. Конференциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын Мусулмандарынын Диний Башкармалыгынын Азирети Муфтийи Максатбек ажы Токтомушевге III-Эл аралык «Руханий Жибек жолу. Улуу гуманисттик салттар жана азыркы учурдун чакырыктары» аттуу диний-илимий конференциясын даярдап өткөргөндүгү үчүн ыраазылык билдирүү менен Кыргызстандагы маданий мурастарды сактоо, улуттар аралык тынчтыкты жана ынтымакты бекемдөө, маданияттар аралык жана диндердин ортосундагы диалогду өнүктүрүү, Кыргызстандын ЮНЕСКО, ИСЕСКО жана ушулар сыяктуу эл аралык маданий-агартуу уюмдары менен туруктуу жана натыйжалуу алакаларды жүргүзүү боюнча жүргүзүп жаткан иш тажрыйбасын бийик баалайт. Конференциянын катышуучулары Казакстандын Азирети Муфтийи Ораз ажыга «Руханий Жибек жолу” илимий-диний конференциясынын 4-циклин 2019-жылы Казакстанда өткөрүү жөнүндөгү сунушуна ыраазылык билдиришет. Конференциянын катышуучулары Казакстанда өткөрүлүүчү конференциянын уюштуруу жана мазмундук маселелерин жакшылап иштеп чыгуу үчүн Евразия мамлекеттеринин төраганын орун басарынын жана диний башкармалыктардын жана диний уюмдардын жетекчилеринин деңгээлинде жумушчу топ түзүү жөнүндөгү сунушту колдошот.

Конференциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Шарипович Жээнбековго, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө меймандостугу жана III-Эл аралык «Руханий Жибек жолу. Улуу гуманисттик салттар жана азыркы учурдун чакырыктары» диний-илимий конференциясын жана ушуга байланыштуу коомдук, маданий иш чараларды өткөрүү үчүн бардык шарттарды түзүп бергендиги үчүн терең ыраазылык билдиришет.

13 сентябрь 2018-жыл